# Бабыл мунарасы




НУХ ТОПОН СУУДАН КИЙИН 350 ЖЫЛ ЖАШАП КӨЗ ЖУМДУ.
ТОПОН СУУГА ЧЕЙИН АДАМДЫН ӨМҮРҮНҮН УЗАК БОЛУШУНУН ЭКИ СЕБЕБИ БАР ЭЛЕ.
БИРИНЧИСИ, АЛАР БИРИНЧИ ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДЫН ЖЕТКИЛЕҢ ГЕНЕТИКАСЫНА ЖАКЫН ЭЛЕ.
ЭКИНЧИДЕН, ТОПОН СУУГА ЧЕЙИНКИ АТМОСФЕРА ЖЕРДИН ҮСТҮН КҮНӨСКАНА СЫМАЛ ЖААП, ЗЫЯНДУУ КҮНДҮН УЛЬТРАКЫЗГЫЛТ-КӨК НУРЛАРЫНАН ЖЕР САКТАЛЫП, АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ТАЗА ЭЛЕ.
ТОПОН СУУДАН КИЙИНКИ ЖЕР БАШКАЧА ЭЛЕ. ТОПОГРАФИЯ ӨЗГӨРҮЛГӨНҮ МЕНЕН ЖЕРДИ ИШТЕТҮҮГӨ МҮМКҮН БОЛДУ.
НУХТУН УУЛДАРЫ КУДАЙДЫН ЖЕРДИН БЕТИН ТОЛТУРГУЛА ДЕГЕН БУЙРУГУН ТОЛУГУ МЕНЕН АТКАРЫШТЫ.
ЖАРАТЫЛЫШ 9:28



НУХТУН НЕБЕРЕСИ НИМРОТ (КОЗГОЛОҢЧУ) ЖЕР ЖҮЗҮНДӨГҮ АДАМДАРДЫН ЭҢ КҮЧТҮҮСҮ БОЛДУ.
ОШОЛ УБАКТА ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ БИР ЭЛЕ ТИЛ БОЛГОН, АДАМДАР БИР ЭЛЕ ТИЛДЕ СҮЙЛӨШКӨН.
АДАМДАР КУДАЙДЫН БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ТАРАГЫЛА ДЕГЕН ОСУЯТЫН АТКАРГАНДЫН ОРДУНА, ЧЫГЫШТАН КӨЧҮП ЧЫГЫП, ШИНАР ЖЕРИНЕН ТҮЗДҮК ТААП, ОШОЛ ЖЕРГЕ ОТУРУКТАШЫШТЫ.
БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ТАРАП КЕТПЕШИБИЗ ҮЧҮН, ӨЗҮБҮЗГӨ ШААР ЖАНА АСМАН ТИРЕГЕН МУНАРА КУРАЛЫ, АТЫБЫЗДЫ ЧЫГАРАЛЫ.
УЛУУ НИМРОТ БИЗГЕ БАШЧЫЛЫК КЫЛСЫН.
КЕЛГИЛЕ, КЫШ КУЮП, ОТКО БЫШЫРАЛЫ.
БИЗ ТАШ ОРДУНА КЫШ, АКИТАШ ОРДУНА ЖЕР ЧАЙЫРЫН КОЛДОНОБУЗ.
БАШТАЛЫШ 10:8-11:4


БИЗДИ БАШКАРУУ ҮЧҮН БИЗГЕ КУДАЙДЫН КЕРЕГИ ЖОК. УЛУУ АТАБЫЗ НУХТУН ЭСКИРГЕН ЭРЕЖЕЛЕРИ ДА КЕРЕКСИЗ.
БИЗ КУРА ТУРГАН ШААР ЖЕРДИН БОРБОРУ БОЛОТ. ДҮЙНӨНҮН АР БУРЧУНАН АДАМДАР ТАБЫНГАНЫ КЕЛИШЕТ.
НИМРОТ БИЗДИ БАШКАРАТ.
АЛ БИЗДИН БАШКАРУУЧУБУЗ ЖАНА ЫЙЫГЫБЫЗ БОЛОТ.
АЛ КУДАЙ.
ЖАҢЫ ТАБЫНУУЧУ ЖАЙ ОШЕНТИП КУРУЛА БАШТАДЫ.
АЛАР АСМАНГА ЧЕЙИН ЖЕТЕ ТУРГАН БИЙИК МУНАРА КУРГАНГА КИРИШТИ.
АЛ МУНАРАДА АДАМДАР ЖЫЛДЫЗДАРГА ТАБЫНЫП, ЖАРАТКАНДАН ДА ӨТҮП УЛУУ НЕРСЕЛЕРДИ ЖАРАТКЫСЫ КЕЛДИ.
БАШТАЛЫШ 11:4


ОШОНДО ТЕҢИР АДАМ УУЛДАРЫ КУРУП ЖАТКАН ШААР МЕНЕН МУНАРАНЫ КӨРГӨНҮ ТӨМӨН ТҮШТҮ.




МЫНА, БИР ЭЛ, БАРДЫГЫНЫН ТИЛИ БИР. БУЛАРДЫН БАШТАГАН ИШИ УШУЛ. БУЛАР КЫЛАМ ДЕГЕНИНЕН КАЙТЫШПАЙТ.
ТӨМӨН ТҮШҮП БАРАЛЫ ДА, БИРИ-БИРИНИН ТИЛИН ТҮШҮНБӨГҮДӨЙ КЫЛЫП, ОШОЛ ЖЕРДЕ БУЛАРДЫН ТИЛДЕРИН АРАЛАШТЫРЫП САЛАЛЫ.
Faire de la place pour d'autres à regarder les étoiles dieu.
Was sagst du idiot?
Nu pot să înțeleg ce se spune!
КАЙСЫ ТИЛДЕ СҮЙЛӨП ЖАТАСЫҢ? КӨЗҮМӨ КӨРҮНБӨЙ КЕТ БУЛ ЖЕРДЕН!
ЭМНЕ БОЛУП ЖАТАТ?! СЕН МЕНИ ТҮШҮНДҮҢБҮ?
ЖАҢЫ ТИЛДЕ СҮЙЛӨП БАШТАГАНДАР ГАНА БИРИ-БИРИН ТҮШҮНҮП ЖАТЫШТЫ.
ОШЕНТИП, ТЕҢИР АЛАРДЫ АЛ ЖЕРДЕН БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ТАРАТЫП ЖИБЕРДИ. ОШОНДО АЛАР ШААР КУРУУНУ ТОКТОТУШТУ.
БАШТАЛЫШ 11:6-8